Инв.

Сазанов Багыш

„Сейтек"

Институт языка, литературы
Инв. № 177
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

100-181 бет 1979 г.

~~2 деп.~~

2 дептер.

Институт языка, литературы
Инв. № ~~110~~ 2
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 177
202 ф. 1579
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

Алып чыкты жолуна,
Атты кетмен которуп,
Алып барып койду эле,
О баягы кабылан,
Сыр жааны мыктап койду эле.
Кайраттанып кабылан,
Тартып ийди сыр жааны.
Аттоону катар эшиптир,
Сыртына чыга о тушуп,
Кес бою болуп о жерге,
Жерге бата тушуптур.
Жерге бата тушконун,
О Кызылсарт корду эле.
О Кызылсарт кубанып,
Жербен башы сарт айтып:
„Баракелди Журчоро,
Жашын ашып толуптур,
Жаа тартар чогын болуптур.
Бала турсо башында,
Сейтек турсо кашында,
Жедигердин кызы,
Чушуп сага келе албайт,
Сенин жузун коро албайт!
Сага кудай бериптир,
Атаң султан Манастын,
Арбагы сага келиптир!"
Чурокко кабар сал деди,
Бир чыкыртып ал деди,
Чурок келсе бул жерге,
Жедигердин элине,
Анан бурук сал деди.

„Кекчил болгон Кызды,
Тирүү кармап сен алсаң,
Тез өлтүрүп шибестен.
Азапка аны сал, деди.
Сен коргонду ал корук,
Куурап Кыяз жүрсүн, деп,
Азапты тартып көрсүн, деп,
Азапта жүрүп өлсүн!" деп.
Кербенчиден кеп угуп,
Кайрат айты башынан,
Күч каркан талаан күн,
Кайта келип баягы,
Кастейти конгон буга.
жансыз кишини жиберип,
шаарга кирип бар деди,
Кыяз бир үйдө жогунда,
жеке отурган жеринде,
Айчүрөккө бар деди,
Барып кабар бер деди.
„Сүйүнчү деп кеп айткын,
Кызылсарт келди деп айткын.
Барыны мыктап салды де,
Кулуна болгон жоорду,
Айыктырып алды де,
Курчаганын о кезү,
Кадимкидей болду де,
Баштагыдан ой ачык,
Кес да бою болду де.
Айма кылып Айчүрөк,
Ушу жерге келсин де,
Карындайдан кармашкан,

Абам менен Кызылсарт
Тырмактайдан бирге өскөн,
Чурок эсен келсин де,
Жербен башы сантылдын,
Сүйүнчү жүзүн көрсүн де.
Сейтек мындан бара албайт,
Моберекм шаардан,
Жан Акунзун Чурoктун,
Моберекм жаш бала,
Сүйүнчү жүзүн көрө албайт!"
Келсин Чурок, келсин деп,
Ак кагазга жазыптыр,
Аягына бул Сейтек,
Колундагы шакегин,
Моор кылып басыптыр.
О жиберген кишисин,
Жүйрүгү кулак ат берип,
Аманыңдын айты деп,
Жан кишиге сыр айтпа,
Эмчеги туптам бээ берип,
Эки болсо жесикы алып,
Ирээтиттүү эр экен,
Жан аябас неме экен,
Жоксодон туугман уул экен,
Айткан сөзгө шерик деп,
Баланын атын Черик деп.
Черик бала келди эле,
Эр Кыздын шаарына,
Бала кирип келди эле.
Жедигердин Кызы,
Чарканада чалкалап,

Турган экен эр Кыз,
жез каштагын какпалап.
Алтындаган сарайдын,
Үйдүн ээн экенин,
Ошондо Чорик билди эле.
Түн деп түшө калды эле,
Тункүткө атын чалды эле,
Айчүрөктүн үстүнө,
Жүгүрүп кирип барды эле.
Кереметтүү Айчүрөк,
Түндө жатып түш көрүп,
Түшүндө жакшы иш көрүп,
Түшүн өзү жоруган,
Жакшылык ишке жорутуп,
Түшүн жоруп алыптыр.
Атасы султан Манастын,
Кечээги өткөн төрөсүн,
Арбагын эске алыптыр,
Арбактарга Айчүрөк,
Дуба кылып салыптыр.
Карап койду кашкайып,
Ак маралдай данкайып,
Чүрөк карап койгондо,
Чорик жүзүн көрдү эле,
Койнундагы каттарын,
Сууруп алып койнунан,
Айчүрөктүн жолуна,
Кулчоро жазган кат экен,
Кармата берди колуна.
Катты Чүрөк алды эле,
Хан Акундун Айчүрөк,